1. Абдиева Ж. К. «Манас» эпосу – руханий баалуулуктардын булагы // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2013. – 24–26-бб.
2. Абдраева Н. Э. Балдар адабияты – балдардын инсан болуп калыптануусуна зор өбөлгө // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2013. – 32–34-бб.
3. Койлубаева Н. К. Адептүүлүккө тарбиялоодо баарлашуунун ролу // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – 2013. – 364–367-бб.
4. Сулайманкулова Ж. К. Нарк-насилдин жоголгон баалуулуктарын кайра жаратуу педагогдорубуздун күн тартибиндеги башкы маселелеринен // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – 2013. – 601–603-бб.
5. Табалдиева Ч. Б. Кенже өспүрүмдөрдү экологиялык жактан тарбиялоонун мазмуну жана критерийлери // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – 2013. – 692–695-бб.
6. Асаналиева М. М. Руханий маданияттуулукту өнүктүрүүнүн көйгөйлөрү // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – 2020. – № 2 (51). – 130–132-бб.
7. Муратов А. Ж. Чыңгыз Айтматов – этнопедагог // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Бишкек, 2018. – II бөлүк. – 93–100-бб.
8. Абдырасулова Ж. С. Ч. Айтматовдун «Кыямат» романынын жаштарга тарбия берүүдөгү мааниси // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Бишкек, 2018. – 2-бөлүк. – 123–127-бб.
9. Назаралиева Ш. Ж. Адам көркү – адеп. – Бишкек, 2011.

Рецензент: тарых илимдеринин доктору Жапаров А. З.

УДК 81.42
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-94-101

Жороева А. Р.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Жороева А. Р.
Ошский государственный педагогический университет
Zhoroeva A. R.
Osh State Pedagogical University

ДИАХРОНДУК ЖАНА СИНХРОНДУК ЛЕКСИКАЛЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨР
ДИАХРОННЫЕ И СИНХРОННЫЕ ЛЕКСИЧЕСКИЕ ИЗМЕНЕНИЯ
DIACHRONIC AND SYNCHRONIC LEXICAL CHANGES

Кыскача мүнөздөмө: Макалада кыргыз тилиндеги инсандык сапаттарды туюнткан лексиканын диахрондук жана синхрондук аспекттеги өзгөрүүлөрү ар тараптуу талдоого алынат. Диахрондук планда сапаттык лексиканын тарыхый өнүгүүсү, семантикалык трансформациясы, унутулуп бара жаткан жана активдүү маанисин жоготкон сөздөрдүн мисалдары каралат. Кыргыз элинин эпосторунда, эски жазма булактарда жана оозеки поэтикалык мурастарда кездешкен «ар», «асыл», «эр» сыяктуу түшүнүктөрдүн семантикалык динамикасы коомдук-маданий факторлор менен байланышта талданат. Синхрондук аспектиде заманбап тилдик кырдаалдын, глобалдашуунун, массалык медианын жана санариптик коммуникациянын, ошондой эле жаш муундун баалуулуктарынын таасири астында калыптанган жаңы сапаттык лексемалардын — англицизмдердин, интернационализмдердин жана неологизмдердин — активдешүүсү көрсөтүлөт. «Креативдүү», «проактивдүү», «харизматичный», «токсичный» сыяктуу сөздөрдүн функционалдык-стилистикалык өзгөчөлүктөрү жана коомдук баалоодогу ролу белгиленет. Диахрондук жана синхрондук усулдарды айкалыштырып талдоо сапаттык лексиканын коомдук аң-сезимдеги ордун терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берип, тилдин

динамикалык табиятын ачып көрсөтөт. Изилдөөнүн актуалдуулугу кыргыз тилинин азыркы өзгөрмө шарттардагы лексикалык өнүгүүсүн илимий негизде чагылдыруу зарылдыгы менен шартталат.

Аннотация: В статье рассматриваются диахронные и синхронные изменения качественной лексики, обозначающей личностные характеристики в кыргызском языке. В диахронном аспекте анализируются историческое развитие значений, семантическая трансформация и утрата активности ряда традиционных лексем, зафиксированных в эпосах, письменных источниках и устной литературе. Особое внимание уделяется эволюции таких понятий, как «ар», «асыл», «эр», значения которых менялись под влиянием социально-культурных факторов. В синхронном аспекте исследуются современные тенденции, обусловленные влиянием глобализации, массмедиа, цифровой коммуникации и ценностных ориентиров молодого поколения. Активное распространение англицизмов, интернационализмов и неологизмов («креативный», «проактивный», «харизматичный», «токсичный») рассматривается как проявление динамики современных социальных и стилистических норм. Сопоставление диахронного и синхронного подходов позволяет комплексно раскрыть роль качественной лексики в отражении общественного сознания и культурных изменений. Актуальность исследования определяется необходимостью научного осмысления лексической эволюции кыргызского языка в условиях современных трансформаций.

Abstract: This article examines diachronic and synchronic changes in qualitative vocabulary used to describe personal traits in the Kyrgyz language. The diachronic analysis focuses on the historical development of meanings, semantic transformation, and the declining use of traditional lexemes found in epic heritage, early written sources, and oral literature. Special attention is given to the evolution of concepts such as *ar*, *asyl*, and *er*, whose meanings have shifted under the influence of socio-cultural factors. The synchronic perspective explores current linguistic tendencies shaped by globalization, mass media, digital communication, and the value system of younger generations. The increasing use of Anglicisms, internationalisms, and neologisms such as “creative,” “proactive,” “charismatic,” and “toxic” is examined as an indicator of emerging social and stylistic norms. The combined diachronic and synchronic approach provides a comprehensive understanding of how qualitative vocabulary reflects societal consciousness and cultural change. The relevance of the study lies in the need for a scholarly analysis of the lexical evolution of the Kyrgyz language in the context of contemporary transformations.

Негизги сөздөр: сапаттык лексика; диахрондук анализ; синхрондук анализ; семантикалык өзгөрүү; кыргыз тили; англицизмдер; неологизмдер.

Ключевые слова: качественная лексика; диахронный анализ; синхронный анализ; семантические изменения; кыргызский язык; англицизмы; неологизмы.

Keywords: qualitative vocabulary; diachronic analysis; synchronic analysis; semantic change; Kyrgyz language; anglicisms; neologisms.

Тил коомдук кубулуш болгондуктан, анда колдонулган сөздөр, айрыкча инсандын сапаттарын туюнткан лексемалар убакыт өткөн сайын ар кандай өзгөрүүлөргө дуушар болот. Бул өзгөрүүлөрдү иликтөө үчүн тил илиминде эки негизги ыкма колдонулат: диахрондук жана синхрондук анализ.

Диахрондук аспект тилдин тарыхый өнүгүшүн, башкача айтканда, сөздөрдүн маани-мазмуну, колдонуу чөйрөсү, формасы жана функциясы убакыттын өтүшү менен кандайча өзгөргөнүн изилдейт. Бул багытта В. Виноградов лексикологиянын негизги концепцияларын системалаштырып, сөздүн лексикалык маанисинин түрлөрүн жана алардын убакыттын өтүшү менен өзгөрүшүн талдайт [3].

Синхрондук жана диахрондук лексиканы салыштыруу лингвистикадагы жаңы проблема эмес. Бирок бул чөйрөдөгү көптөгөн суроолор бүгүнкү күнгө чейин ачык бойдон калууда жана так чечимин таба элек. Көпчүлүк лингвисттер синхрония менен диахронияны бири-бирине карама-каршы коюунун абсолюттуу мүнөзүн четке кагышкан. Алардын катарына швейцариялык окумуштуу А. Сеше, бельгиялык окумуштуу Э. Бёйсенс жана Э. Косериу кирет.

Башка окумуштуулар, алардын ичинде Н. С. Трубецкой, Р. О. Якобсон жана башкалар И. А.

Бодуэн де Куртенэнин изилдөөлөрүнө таянып, диахрондук изилдөө система түшүнүгүн жокко чыгарбай турганын, ал эми синхрондук сүрөттөө эволюция түшүнүгүн толугу менен четке какпай турганын белгилешкен. Э. Косериу тил формалдык жана семантикалык эрежелердин системасы, башкача айтканда, белгилүү бир иш-аракеттин формасы же схемасы катары жашай турганын белгилеген. Бул мааниде аталган эрежелер белгилүү бир коомдун сүйлөө практикасында негизинен бирдей болуп, тилдин абалын же «синхрониядагы тилди» түзөт. Ошол эле учурда алар ар кандай мезгилдердеги тилдик абалдар үчүн да бирдей болушу же бири-биринен келип чыгышы мүмкүн. Бул мааниде алар тилдик салтты же «диахрониядагы тилди» түзөт [8, 31-б.].

Ф. де Соссюрдун окуусуна ылайык, диахрондук лингвистиканын предмети — тарыхый ырааттуулукта байланышкан, бир эле жамааттык аң-сезим тарабынан кабыл алынбаган, бири-бирин алмаштырган, бирок бирдиктүү системаны түзбөгөн элементтердин ортосундагы мамилелер. Ал эми синхрондук лингвистиканын предмети — бир эле жамааттык аң-сезим тарабынан кабыл алынган жана бир мезгилде жашаган элементтерди байланыштырган логикалык жана психологиялык мамилелер [6, 54-б.].

Ф. де Соссюрдун маанилүү салымы — синхрондук жана диахрондук аспектилердин тилде реалдуу экендигин жана аларды бири-биринен айырмалоо зарылдыгын белгилегендигинде. Анын пикири боюнча, «синхрондук аспект диахрондукка караганда маанилүүрөөк, анткени сүйлөгөн массалар үчүн ал гана — чыныгы реалдуулук» [6, 25-б.]. Бирок А. А. Реформатскийдин байкоосу боюнча, «мындай коюлганда сөз тилди колдонуу жана анын сүрөттөмө тил таануусундагы иштешин системалаштыруу жөнүндө гана барат, анын өнүгүүсүн тааануу жөнүндө эмес» [10, 22-б.].

Белгилүү болгондой, тилдеги синхрондук өзгөрүүлөрдү аныктоо жана талдоо салыштырмалуу жеңил, анткени алар системанын өнүгүүсүнүн даяр натыйжасы катары көрүнүп турат. Бул тилдик өзгөрүүлөрдүн тарыхын изилдеген окумуштуулардын эмгектеринде синхрондук изилдөөгө көбүрөөк басым жасалышынын негизги себептеринин бири болгон. Натыйжада тилди изилдөөдө синхрондук жана диахрондук мамилелердин ортосунда белгилүү бир ажырым пайда болгон.

И. А. Бодуэн де Куртенэ «бир доордун тилин башка доордун өлчөмү менен өлчөөгө болбойт» деп белгилеген [2, 56-б.]. Өз кезегинде Ш. Балли тилдердин үзгүлтүксүз өзгөрүп турарына жана «алар өзгөргөндө гана иштей алат» деген жагдайга көңүл бурган [4, 18-б.]. Ш. Балли сыяктуу эле Б. Мальмберг да синхрония менен диахрониянын ортосунда так чек коюп, синхрондук көз карашты «лингвистикалык» деп эсептеген филологдордун көз карашын билдирген. Анын пикири боюнча, «лингвистика кабыл ала турган жана изилденүүчү объекттин табиятына шайкеш келип турган жалгыз метод — синхрондук метод» [9, 32-б.].

Э. Косериу синхрония менен диахрония маселелери боюнча талкууну жыйынтыктап: «Тил табияты боюнча синхрондук да, диахрондук да көрүнүш эмес, анткени бири-бирине каршы келген эки тилдик болуу жөнүндө сөз болбойт жана синхрондук объекттер жана диахрондук объекттер жок», — деп белгилеген [8, 32-б.]. Натыйжада синхрондук жана диахрондук мамилелерди өз ара байланышта жана тең укуктуу колдонууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Анткени тилди жана анын бирдиктерин синхрондук жактан сүрөттөөнүн маанилүүлүгүнө карабастан, тилдик системанын кандайча калыптанганын түшүнүүгө диахрондук мамиле жардам берет.

Ошентип, синхрондук кароо диахрондук талдоонун алдында турганына карабастан (анткени диахрондук талдоо жүргүзүү үчүн кеминде эки ырааттуу стадияны — синхрондук кесиндилерди салыштыруу зарыл), бул эки мамиле өз ара байланышта болуп, бири-бирин толуктап жана байытып турат. Синхрондук жана диахрондук мамилелердин өз ара аракеттенүүсү тилди изилдөөдө маанилүү: бир жагынан, тилдик системанын туруктуу касиеттерине, экинчи жагынан, анын эволюциясына көңүл бурууга мүмкүнчүлүк берет. Ошол эле учурда бул эки аспект бири-бири менен ажырагыс байланышта, анткени тилдин жашоосунун ар бир учуру — анын өнүгүүсүнүн белгилүү бир этабы.

Ошентип, жакынкы жылдарга чейин заманбап тил таанууда синхрония диахронияга салыштырмалуу үстөмдүк кылат деген көз караш орун алып келген. Ошого карабастан, синхрония менен диахрония өз ара байланышта болуп, бири-бирин толуктап турары да таанылган. Мисалы,

диахрондук процесс синхрондук сүрөттөөлөр аркылуу, эрежелердин системалуу ырааттуулугунун негизинде аныкталары, ал эми алардын тартиби диахрондук өзгөрүүлөрдүн кезектүүлүгүнө туура келери белгиленген.

Диахрондук сүрөттөөлөрдө тил бирдиктерин изилдөөдө окумуштуулар көп учурда орус тилинин өнүгүүсүн алгачкы жазмага чейинки доордон бүгүнкү күнгө чейин уланган ырааттуу өнүгүү системасы катары көрсөтүүгө аракет кылышат. Бирок заманбап илимий тенденцияларга ылайык, тилдин тарыхы айрым тыбыштардын жана формалардын тарыхы катары гана эмес, негизинен системалык мамилелердин өнүгүү тарыхы катары каралышы керек. Мындай учурда орус тилиндеги негизги тарыхый процесстер системанын өнүгүү мыйзамдарынын негизинде чечмеленип, анын бирдиктеринин бирдейлешүүсүнө жана унификацияланышына умтулуу катары аныкталат.

Теорияны түзүүдө кубулушту толук сүрөттөө жана түшүндүрүү үчүн ар бир мамилени өз-өзүнчө колдонуу жетишсиз. Диахрония менен синхрониянын мыйзамдары бири-биринен абсолюттук түрдө көз карандысыз эмес, анткени системанын белгилүү бир учурдагы абалы жана ага мүнөздүү түзүлүшү анын мүмкүн болгон өзгөрүүлөрүнүн чегине олуттуу таасир этет. Диахрония менен синхрониянын дихотомиясы татаал түзүлүшкө ээ, өнүгүп туруучу объекттерди изилдөөдө колдонулат. Мында өнүгүү процесси объекттин түзүлүшүнүн калыптанышы жана өзгөрүшү катары каралат.

Тилди изилдөөдө кездешкен кыйынчылыктарга карабастан, заманбап илимий парадигманын өзгөргөнүн белгилөөгө болот: изилдөөчүлөрдүн көңүлү тилдик фактыларды жөн гана тизмектөөдөн алардын пайда болуу себептерин түшүндүрүүгө бурулду. Анна А. Зализняктын пикири боюнча, синхрондук изилдөөнүн алкагында диахрониялык фактыларга кайрылуу «азыркы учурда илимий парадигманын алмашуусу менен шартталган, түшүндүрмөлүүлүккө багытталган».

Жогоруда айтылгандарды жалпылап, синхрония менен диахрония тилдин убакыттык мүнөздөмөлөрү болуп саналат деген тезис заманбап тил таанууда бекем орун алганын белгилөөгө болот. Алар тил объективдүү түрдө жашаган өзгөчө «координаталар системасын» түзөт. Ушуга байланыштуу тилди система катары бул «координаталар системасынын» ар кандай чекиттеринде изилдөө зарыл деген жыйынтык чыгарууга болот. Башкача айтканда, тилди азыркы мезгилдеги синхрондук кесиндиде гана эмес, анын өткөн мезгилдердеги синхрондук абалдарында да изилдөө зарыл. Айрыкча тилдик система тышкы же ички факторлордун күчтүү таасирине кабылып, анын айрым бөлүктөрүндө олуттуу өзгөрүүлөр жана белгилүү бир «системалык бузулуулар» пайда болгон мезгилдерге көңүл буруу маанилүү.

Түшүнүктүү болушу үчүн диахрониянын негизги багытын синхрониялардын ырааттуулугу же бири-бирин алмаштырган синхрондук тилдик абалдар катары көрсөтүүгө болот. Бул өнүгүүдө так чек жок деп эсептелгени менен, белгилүү бир «кризистик чекиттер», илимий тил менен айтканда, синхрондук кесиндилер бар. Бир синхрондук кесинди аяктап, экинчиси башталган чекти, ошондой эле анын пайда болуу жана калыптануу шарттарын ар кандай методдорду колдонуу аркылуу аныктоого болот. Мисалы, муну белгилүү бир тилдик топторду, анын ичинде темасыз этиштер тобун талдоонун негизинде жүргүзүүгө мүмкүн.

Синхрониялардын (синхрондук тилдик кесиндилердин) алмашуу багытын объективдүү баалоодо тилдик системанын белгилүү бир чекиттериндеги вариантуулуктун күчөшү же басаңдашы түрүндө көрүнгөн тарыхый тенденциянын мүнөзүн байкоо да маанилүү. Бүгүнкү күндө тил изилдөөчүнүн алдында турган негизги милдеттердин бири — тилдик өзгөрүүнүн шарттарын жана мезгилин сүрөттөө менен гана чектелбестен, анын эмне себептен келип чыкканын түшүндүрүү. Ошондой эле тилдик өзгөрүүгө, системанын «кыймылына» эмне себеп болгонун жана ал системанын кийинки өнүгүшүнө канчалык деңгээлде түз же кыйыр таасир эткенин аныктоо зарыл. Мында тилдик өзгөрүү «өчүп бара жаткан» өзгөрүүлөрдүн бир бөлүгү бойдон калдыбы же кийин тилдик системадагы жаңы, олуттуу өзгөрүүлөрдүн катализаторуна айландыбы деген маселеге да көңүл буруу керек.

Жогоруда диахрондук жана синхрондук лексиканын өз ара байланышы тууралуу айрым көз караштарга токтолдук. Эми кыргыз окумуштууларынын изилдөөлөрүнө кайрылалы.

Кубатбек Саматов кыргыз тилиндеги өң-түс лексикасын диахрондук жана синхрондук

аспектилерде талдап, алардын семантикалык жана стилистикалык өзгөчөлүктөрүн аныктаган. Анын докторлук диссертациясында (2003) сапаттык сөздөрдүн маанисинин кеңейиши жана тарыхый өзгөрүүлөрү мисалдардын негизинде көрсөтүлгөн. К. Саматов сапаттык лексиканын тилдик байланыштардын натыйжасында жаңы маанилерге ээ болушун баса белгилеген [7].

Касым Тыныстанов кыргыз лексикографиясынын негиздөөчүлөрүнүн бири катары сапат атоочтордун түрлөрүн жана грамматикалык өзгөчөлүктөрүн системалаштырган. Ал 1930-жылдары лексикалык материалдарды топтоп, сапаттык сөздөрдүн тарыхый катмарларын изилдеп, алардын номинативдик жана образдуу маанилерин ажыратып көрсөткөн. Тыныстановдун эмгектеринде сапаттык лексиканын фонетикалык жана семантикалык өнүгүшү каралган.

Б. Юнусалиев жана И. Арабаев сыяктуу окумуштуулар сапаттык лексемаларды түрк тилдери менен салыштырып, диахрондук өзгөрүүлөрдү Орхон-Енисей эстеликтеринин материалдары менен байланышта карашкан. Ошондой эле сапаттык сөздөрдүн синонимиялык жана стилистикалык катмарларын талдашкан.

Сапаттык лексика — кыргыз тилиндеги сапатты билдирген сөздөрдүн катмары. Ал тилдик системадагы жана коомдук турмуштагы өзгөрүүлөрдү чагылдырат. Диахрондук аспект анын тарыхый өнүгүшүн, ал эми синхрондук аспект учурдагы абалын изилдөөгө багытталат. Кыргыз окумуштууларынын изилдөөлөрүндө бул маселелер лексикологиянын маанилүү багыттарынын бири катары каралат.

Диахрондук аспектиде сапаттык лексика коомдук өзгөрүүлөрдүн таасири астында өнүгүп, жаңы сөздөр менен толукталып турат. Мисалы, эски кыргыз тексттеринде колдонулган «жакшы» сөзү азыркы тилде да сакталып, контекстке жараша ар кандай стилистикалык өңүттөргө ээ болгон. К. Саматовдун изилдөөлөрүндө өң-түс лексикасынын, анын ичинде «кызыл», «көк» сыяктуу сөздөрдүн XVII–XIX кылымдардагы өзгөрүүлөрү каралган [7].

Тыныстановдун маалыматы боюнча, сын атоочторго тиешелүү 56 миңге жакын лексеманын ичинен архаизмдер жана неологизмдер айырмаланат. Диахрондук процессте башка тилдерден кабыл алынган сапаттык маанидеги сөздөр, анын ичинде техникага байланыштуу лексемалар, тилдик системага сиңип, семантикалык өзгөрүүлөргө дуушар болот.

Кыргыз тилиндеги лексиканын тарыхый өнүгүшүн жана мезгилдин өтүшү менен өзгөрүшүн төмөнкү мисалдар аркылуу түшүндүрүүгө болот. Алсак, элибиздин байыркы адабий мурастарында кездешкен «ар» түшүнүгү бүгүнкү күндө да колдонулат, бирок анын семантикалык көлөмү өзгөрүүгө учураган. Мурда «ар» сөзү коомдук милдетти, уяттуулукту, намыстуулукту билдирип, маанилик жактан чоң салмакка ээ болсо, бүгүнкү күндө анын колдонулуу активдүүлүгү төмөндөп, жаш муун арасында мааниси көбүнчө үстүртөн кабыл алынууда.

Ошондой эле «жакшы», «кайраттуу», «эр жүрөк» сыяктуу сапаттык мүнөздөмөлөр мурда көбүнчө эркектерге карата колдонулса, бүгүнкү күндө бул сапаттар аялдарга карата да кеңири колдонулууда. Демек, сапаттык лексиканын маанилик катмары коомдун маданий жана социалдык контекстине жараша кеңейип же тарыйт.

Синхрондук аспектиде сапаттык лексиканын учурдагы колдонулушу, анын ичинде адабий тилдеги жана күнүмдүк сүйлөшүүдөгү өзгөчөлүктөрү каралат. Кыргыз тилиндеги «чырайлуу», «сулуу» сыяктуу сөздөр синонимдик катмарды түзүп, контекстке жараша ар кандай маанилик жана стилистикалык өңүттөргө ээ болот. К. Саматов бул өзгөрүүлөрдү лексика-семантикалык талдоонун негизинде түшүндүргөн [7]. Синхрондук аспект тилдин азыркы абалын, башкача айтканда, белгилүү бир мезгилдеги тилдик бирдиктердин системасын изилдейт. Мында тилдик бирдиктердин учурдагы колдонулушу, сапаттык лексемалардын стилистикалык жана социалдык маркер катары аткарган кызматы алдыңкы орунга чыгат.

Мисалы, азыркы кыргыз коомунда колдонулган «мотивацияланган», «харизматичный», «лидерлик касиетке ээ» сыяктуу сапаттык мүнөздөмөлөр соңку мезгилдерде тилде активдүү колдонула баштаган. Алар көбүнчө заманбап коммуникацияда жана жаштардын сүйлөө практикасында кездешет.

Бул процессте тилге кирген интернационализмдер менен англицизмдер да маанилүү роль

ойнойт. Маселен, «креативдүү», «проактивдүү», «стрессоустойчивый» сыяктуу сапаттык мүнөздөмөлөр коомдо активдүү колдонулуп келет.

Мындан тышкары, сапаттык лексемалардын стилистикалык катмарланышы да маанилүү. Мисалы, «ак жүрөк» деген сыпат адабий тилге мүнөздүү болсо, «супер-жакшы киши» деген баалоо көбүнчө бейформал сүйлөө тилинде колдонулат.

Таблица 1. Диахрондук жана синхрондук аспектилердин салыштырма мүнөздөмөсү

Критерий	**Диахрондук аспект**	**Синхрондук аспект**
Мезгил	Өткөн доорлорду камтыйт	Учурдагы абалды чагылдырат
Максат	Өзгөрүүнү, тарыхый өнүгүүнү иликтөө	Учурдагы колдонулушту аныктоо
Мисалдар	"Ар", "намыс", "адамкерчилик"	"Мотивация", "креатив", "харизма"
Социалдык контекст	Тарыхый баалуулуктар, салт-санаа	Модерн дүйнө, глобалдашуу
Лексикалык өзгөрүү	Сөздөрдүн мааниси өзгөрүп же жоголот	Жаңы сөздөр кирет, маани кеңейет

Диахрондук жана синхрондук аспектилердеги талдоолор көрсөткөндөй, сапаттык лексика убакыттын өтүшү, коомдук өзгөрүүлөр жана тышкы таасирлер аркылуу тынымсыз өнүгүп, өзгөрүп турат. Тил бул процессте коомдук аң-сезимдин күзгүсү катары кызмат кылып, инсандын сапаттык мүнөздөмөлөрүн туюнтууда жаңы каражаттарды жаратып келет.

Сапаттык лексемалар — тилдин динамикалуу катмарларынын бири. Алар коомдун маданиятына, турмуш-тиричилигине жана дүйнөтаанымына жараша өзгөрүп, байып турат. Тилдик өзгөрүүлөрдү талдоодо эки негизги метод колдонулат: диахрондук (тарыхый өзгөрүүлөрдү изилдөө) жана синхрондук (белгилүү бир мезгилдеги тилдик абалды сүрөттөө).

Диахрондук аспектиден караганда, инсандын сапаттарына байланыштуу көптөгөн сөздөр убакыттын өтүшү менен маанисин өзгөртүп, жаңы маанилик өңүттөргө ээ болгон же колдонуудан чыккан. Мисалы, «эр» сөзү байыркы жана орто кылымдардагы түрк жазма эстеликтеринде «эркек», «эр», ошондой эле «баатыр», «жоокер» маанилеринде колдонулган. Азыркы кыргыз тилинде да бул сөз контекстке жараша «эркек киши», «күйөө», ошондой эле «баатыр, эр жүрөк адам» маанилеринде колдонулат. Ошондой эле «акылдуу» сөзүнүн колдонулушунда да мезгилге жана контекстке жараша ар кандай маанилик өңүттөр байкалат.

Совет доорунда кеңири колдонулган «алдыңкы», «эмгекчил», «активист» сыяктуу моралдык-сапаттык мүнөздөмөлөрдүн айрымдары бүгүнкү күндө мурдагыдай идеологиялык мазмунда активдүү колдонулбайт.

Синхрондук аспектиде тилдин учурдагы абалы каралат. Бүгүнкү күндө кыргыз тилинде инсандын сапаттарын туюнтуучу лексикада бир нече тенденциялар байкалат. Алардын бири — интернеттин жана социалдык тармактардын таасири астында жаңы сапаттык мүнөздөмөлөрдүн активдүү колдонулушу. Мисалы, «фейк адам» — жасалма, өзүн чыныгы жүзүндө көрсөтпөгөн адам; «токсичный» — башкаларга терс таасир тийгизген адам; «хайпты жакшы көргөн» — өзүн көрсөтүүгө, көңүл борборунда болууга умтулган адам.

Дагы бир тенденция — жаңы мүүндун баалуулуктарына жараша айрым сапаттык мүнөздөмөлөрдүн кабыл алынышынын өзгөрүшү. Мурда оң сапат катары бааланган «момун», «жоош», «уялчаак» сыяктуу сыпаттар азыр айрым учурларда пассивдүүлүк менен байланыштырылышы мүмкүн. Ал эми «ачык-айкын», «активдүү», «өз оюн эркин айткан» сыяктуу сапаттар азыркы жаштар арасында оң бааланган мүнөздөмөлөрдүн катарында колдонулуп келет.

Үчүнчү тенденция катары аймактар аралык өзгөчөлүктөрдү белгилөөгө болот. Кыргызстандын ар кайсы аймактарында сапаттык мүнөздөмөлөрдүн колдонулушунда жана бааланышында айырмачылыктар болушу мүмкүн. Мисалы, айрым чөйрөлөрдө «уяттуу, улууну сыйлаган» деген

сапаттарга басым жасалса, башка чөйрөлөрдө «жигердүү, креативдүү, лидер» сыяктуу сапаттарга артыкчылык берилиши мүмкүн.

Диахрондук жана синхрондук аспектилердеги талдоо сапаттык лексемалардын өзгөрүшүн ар тараптуу түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ар бир доордо идеалдуу инсан тууралуу түшүнүк өзгөчөлөнүп, тил ошол түшүнүктөрдү чагылдырып турат. Бүгүнкү күндө кыргыз тилиндеги сапаттык лексиканын бир бөлүгү колдонуудан чыгып же семантикалык жактан өзгөрүп жатса, башка бөлүгү мезгилдин шарттарына ылайыкташып, жаңыланып келүүдө.

Кыргыз тилиндеги сапаттык лексиканын өзгөрүшүн тарыхый (диахрондук) жана учурдагы (синхрондук) аспектилерде кароо лингвистикалык процесстердин динамикасын түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Г. Дж. Джунушалиева өзүнүн илимий изилдөөсүндө сөздүк курамдын өнүгүү мезгилдери жана ага таасир эткен көптөгөн факторлор тилдин лексикасында чагылдырылып, анын тарыхый баскычтарын айгинелей турганын белгилеген [5]. Демек, төмөндө бул өзгөрүүлөрдү конкреттүү мисалдардын негизинде тереңирээк талдоого аракет кылабыз.

Кыргыз тилинин тарыхый өзөгүн түзгөн эпостордо, манасчылардын сөздөрүндө жана тарыхый жазма булактарда колдонулган айрым сапаттык лексемалар азыркы учурда сейрек колдонулат же алардын маанисинде өзгөрүүлөр байкалат. Мисалы, «асыл» сөзү мурда «таза тукум», «кадырлуу адам» деген маанилерде колдонулса, азыркы учурда «асыл таш», «асыл металл» сыяктуу сөз айкаштарында да кеңири колдонулат.

«Кара көк», «алп», «эр жүрөк» сыяктуу эпикалык мүнөздөгү сөздөр жана сөз айкаштары мурда каармандыкты, эрдик сапаттарды сүрөттөөдө кеңири колдонулса, азыркы адабий тилде жана оозеки кепте алардын айрымдарынын колдонулуу активдүүлүгү төмөндөгөн.

Кээ бир сөздөр жана сөз айкаштарынын колдонулушу да чектелген. Мисалы, «кайберен мүнөз», «жашык кыял» сыяктуу сөз айкаштары азыркы жаш муун үчүн түшүнүксүз болушу мүмкүн.

Мындай диахрондук өзгөрүүлөр элдин турмушунун, маданиятынын, дүйнөтаанымынын жана социалдык түзүлүшүнүн өзгөрүшү менен тыгыз байланышта. И. Абдувалиев өзүнүн изилдөөсүндө сөздөрдөгү маанилик, лексикалык жана грамматикалык өнүгүүлөрдүн, өзгөрүүлөрдүн жана жылыштардын мүнөзүнө талдоо жүргүзгөн [1].

Ал эми азыркы мезгилде сапаттык лексика жаңы сөздөр менен толукталып, башка тилдердин таасири астында жаңы маанилик өнүттөр пайда болууда. Мисалы, англис тилинин түз же кыйыр таасири аркылуу кыргыз тилинде активдүү колдонулуп жаткан сапаттык мүнөздөмөлөргө төмөнкүлөрдү кошууга болот:

креативдүү (creative);
позитивдүү (positive);
мотивациялуу (motivated);
адекваттуу (adequate);
проактивдүү (proactive).

Бул сөздөр жаштардын арасында, корпоративдик чөйрөдө, бизнес жана медиа тармагында кеңири колдонулуп келет. Тилдин жандуу өнүгүү процесси катары мындай өзгөрүүлөр синхрондук деңгээлде жаңы сапаттык мүнөздөмөлөрдүн калыптанышына өбөлгө түзүүдө.

Ошондой эле эмоциялык-баалоочу мааниге ээ болгон сөздөрдүн колдонулушу активдешүүдө: «токсик», «эмпат», «нарцисс», «интроверт», «экстраверт» ж.б. Бул сөздөр азыркы коммуникацияда инсандын мүнөзүн жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн сүрөттөөдө кеңири колдонулуп келет.

Диахрондук жана синхрондук аспектилердин негизинде жүргүзүлгөн талдоо кыргыз тилиндеги сапаттык лексиканын коомдук-тарыхый өзгөрүүлөр менен байланышта өнүгүп турган динамикалык система экенин көрсөттү. Диахрондук планда бир катар сапаттык түшүнүктөрдүн семантикасы кеңейип, тарып же өзгөрүп турганы байкалат. Айрым лексемалардын колдонулуу активдүүлүгү төмөндөп, ошол эле учурда жаңы баалоочу түшүнүктөр пайда болууда.

Синхрондук аспектиде глобалдашуу, медиа жана маалыматтык чөйрө, ошондой эле жаш муундун баалуулук багыттары сапаттык лексиканын жаңыланышына жана интернационалдык

лексиканын активдүү колдонулушуна таасир этүүдө. Демек, сапаттык лексика коомдук аң-сезимди чагылдырган жана мезгилдик өзгөрүүлөргө сезимтал лексикалык катмарлардын бири болуп саналат.

Бул изилдөөнүн актуалдуулугу кыргыз тилиндеги инсандык сапаттарды туюнткан лексиканын тез өзгөрүп жаткан социалдык, маданий жана глобалдык шарттарда жаңы мазмунга ээ болуп жатканы менен түшүндүрүлөт. Диахрондук талдоо сапаттык лексиканын тарыхый өнүгүшүн, семантикалык өзгөрүүлөрүн жана колдонулуу активдүүлүгү төмөндөп бара жаткан түшүнүктөрдү аныктоого мүмкүнчүлүк берсе, синхрондук талдоо азыркы тилдик кырдаалдын өзгөчөлүктөрүн, жаңы баалоо категорияларынын пайда болушун жана интернационалдык лексиканын активдешүүсүн көрсөтөт.

Кыргыз тилинде инсандык сапаттарды туюнтуучу лексиканы изилдөөдө бул эки ыкманы айкалыштырып колдонуу лексемалардын семантикалык табиятын тереңирээк түшүнүүгө жана тилдин баалуулуктар системасындагы өзгөрүүлөрдү мүнөздөөгө өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин кептик лексикасы (байыркы катмар): филол. илим. д-ру ... дис. автореф. — Бишкек, 2007. — 32 б.
2. Бодуэн де Куртенэ И. А. Избранные труды по общему языкознанию: в 2 т. — М.: Изд-во АН СССР, 1963. — Т. 1. — 384 с.
3. Виноградов В. В. Лексикология и лексикография: избранные труды. — М.: Наука, 1977. — 312 с.
4. Bally Ch. Linguistique générale et linguistique française. — 3e éd. — Berne: A. Francke, 1950. — 440 p.
5. Джунушалиева Г. Дж. Кыргыз тилиндеги нумеративдик лексикалардын дифференциациясы // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. — 2022. — Т. 14, № 4. — 94–98-б.
6. Соссюр Ф. де. Курс общей лингвистики / пер. со 2-го фр. изд. А. М. Сухотина; под ред. и с примеч. Р. И. Шор. — М.: Соцэкгиз, 1933. — 272 с.
7. Саматов К. Кыргыз тилиндеги өң-түс сөздөрүнүн лексика-семантикалык жана стилистикалык мүнөздөмөлөрү (диахрондук жана синхрондук аспекттер): филол. илим. д-ру ... дис. — Бишкек, 2003. — 287 б.
8. Косериу Э. Синхрония, диахрония и история: проблема языкового изменения / пер. с исп. И. А. Мельчука. — 3-е изд. — М.: Едиториал УРСС, 2010. — 208 с.
9. Malmberg B. Système et méthode: trois études de linguistique générale. — Lund: C. W. K. Gleerup, 1945. — 52 p.
10. Реформатский А. А. Введение в языковедение. — М.: Аспект Пресс, 2001. — 536 с.
11. Щерба Л. В. О трояком аспекте языковых явлений и об эксперименте в языкознании // Языковая система и речевая деятельность. — Л.: Наука, 1974. — С. 24–39.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты Танаева Н.Ш.

УДК: 372+398 (575.2)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-101-107

Жумадилова Н.С.
И.Арабаев атындагы КМУ
Жумадилова Н.С.
КГУ имени И.Арабаева
Zhumadilova N. S.
KSU named after I.Arabaev

ORCID 0009-0000-0884-0651